«САПАТТУУ БИЛИМ» БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН ЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ОРГАНИЗАЦИЙ И ПРОГРАММ «САПАТТУУ БИЛИМ»

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL ORGANIZATIONS AND PROGRAMS «SAPATTUU BILIM»

# МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕСИ № 51 КЕСИПТИК ЛИЦЕЙ

ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯЛООНУН

ЖЫЙЫНТЫГЫ БОЮНЧА ЭКСПЕРТТИК

КОМИССИЯНЫН

**КОРУТУНДУСУ**

**ИЮНЬ - 2022 – ж.**

**МАЗМУНУ**

I. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ ....................................................................................................3

II. ПРОГРАММАСЫН ӨЗҮН-ӨЗҮНӨ БААЛОО ОТЧЕТУН ТАЛДОО ......................5

Стандарт 1. БАШКАРУУНУН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ................................................5

Стандарт 2. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ.....................................................................6

Стандарт 3. КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУНУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО..........................................7

Стандарт 4. КАДРДЫК САЯСАТТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ................................8

Стандарт 5. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА.................................................9

Стандарт 6. МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУ ЖАНА АНЫ КООМЧУЛУККА ЖЕТКИРҮҮ...................................................................................................................10

III. ТЭКнын КАТЫШУУСУНУН САПАТТАМАСЫ.................................................11

IV. АККРЕДИТАЦИЯЛОО СТАНДАРТТАРЫНА ЫЛАЙЫК КЕЛҮҮ.....................13

V. ИШТЕРДИ ЖАКШЫРТУУ БОЮНЧА СУНУШТАР.............................................14

## 1. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 16-июнундагы №381 «Башталгыч жана орто кесиптик билим берүү үчүн билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарын аккредитациялоонун тартиби жөнүндө» токтомуна ылайык, №51 Кесиптик Лицей берилген билим берүү программанын аккредитациялоо үчүн (гибриддик режимде) арызы берилди.

Кесиптик лицейдин арыздын негизинде тышкы эксперттик комиссия түзүлдү (буйрук №.59/06-22 06.06.2022 ж.)

Тышкы эксперттик комиссиянын курамы:

**Комиссиянын төрагасы**:

1. Мааткеримов Бакыт Асранбекович, ф.и.к, Билим берүүдөгү заманбап информациялык технологиялар институтунун (ББЗИТИ) окуу иштери боюнча проректору

**Комиссиянын мучөлөрү**:

1. Осмонбекова Нуржамал Бийзаковна – УПМР К. Осмонбеков атындагы №41 КЛдин директордун орун басары;
2. Айдарбаева Дина Курманалиевна – Бишкек ш. № 4 КЛдин директордун орун басасы;
3. Чодобаева Клара Атышовна - «Улан» дыйкан чарбасынын директору;
4. Имбеталиев Бекмурат Калмуратович - «Кырк гектар» дыйкан чарбасынын директору
5. Сапарова Кундуз –2 курстун студенти, гр. Ф-44.

**Референт:**

Омарова Азиза Фурхатовна — Билим берүүдөгү заманбап информациялык технологиялар институтунун (ББЗИТИ) окуу бөлүмүнүн башчысы.

**Уставга ылайык окуу жайдын толук аталышы:** Мамлекеттик билим берүү мекемеси № 51 кесиптик лицей

**Билим берүү уюмунун почта дареги (ОО), телефондор, факс, e-mail, веб-сайт.** Талас облусу, Манас Району, Көк –Дөбө айылы, Малабеков көчөсү , н/ж., +996 (778)149314 , zhakypbaev1984@mail.ru

**Түзүүчү:** Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигине караштуу башталгыч кесиптик билим берүү агенттиги

**Билим деңгээли:** баштапкы кесиптик билим берүү (КТБ) (БКББ)

**Өзүн-өзү баалоо мөөнөтү: ___________________________**


**Окуу жайга келүү күндөрү:** 2022-жылдын 9-10 - июнь

**Окуу жайдын миссиясы:** “Учурдун талабына жооп берген, заманбап МТБ менен жабдыкталган дүйнөлүк рынокто талап кылынган сапаттуу жумушчу кадрларды даярдаган престиждүү КТББ окуу жай”.

**№51-кесиптик лицейиндин баштапкы жана кошумча билим берүү программасынын лицензиялары жана кесиптин аталыштары:**

| № | шифр | Кесиптик аталышы | Серия № | тиркеме |
|---|---|---|---|---|
| | | **Баштапкы кесиптин аталышы** | | |
| 1 | 6121, 8331, 8322 | Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер), “А,В,Г” категорияларднын тракторист-машинисти жана “С” категориясынын айдоочусу | №LH180000219 (тиркеме 1) | Тиркере №4 лицензиялар |
| 2 | 7443 | Тигүүчү | №LH180000219 (тиркеме 2) | Тиркеме №5 лицензиялар |
| 3 | 7212, 8322 | Электрширетүүчү жана “С” категориясынын айдоочусу | №LH180000219 (тиркеме 3) | Тиркеме №6 лицензиялар |
| | | **Кошумча кесиптик билим берүү программалары** | | |
| 4 | | «А,В,Г» категориясындагы тракторист-машинист | №LE180001066 (тиркеме 1) | Тиркеме №7 лицензиялар |
| 5 | | Тигүүчү | №LE180001066 (тиркеме 2) | Тиркеме №8 лицензия |
| 6 | | «С» категориясындагы айдоочу | №LE180001066 (тиркеме 3) | Тиркеме №9 лицензия |
| 7 | | Электрширетүүчү | №LE180001066 (тиркеме 4) | Тиркеме №10 лицензия |
| 8 | | Ашпозчу | №LE180001066 (тиркеме 5) | Тиркеме №11 лицензия |
| 10 | | Жеке компьютердин оператору | №LE180001066 (тиркеме 7) | Тиркеме №13 лицензия |
| 11 | | Өсүмдүк өстүрүү | №LE180001066 (тиркеме 8) | Тиркеме №14 лицензия |

**Окуу жайды башкаруу структурасынын схемасы**



## II. ПРОГРАММАСЫН ӨЗҮН-ӨЗҮНӨ БААЛОО ОТЧЕТУН ТАЛДОО

### Стандарт 1. БАШКАРУУНУН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ

51- кесиптик лицей

-КРнын "Билим берүү", "Башталгыч кесиптик билим берүү" Мыйзамдарына: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 245-токтому менен бекитилген Баштапкы кесиптик билим берүү уюмдары жөнүндө Типтүү жобосуна;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 15-августундагы 2017-жылдын №481 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Баштапкы кесиптик билим берүү агенттиги жөнүндө Жобосуна ылайык түзүлүп, КРнын ББМнин алдындагы БКББ агенттигинин 20.11.2017-жылдагы №1/289 буйругу менен бекитилген Уставдын негизинде иш жүргүзөт.

КРнын ББ жана илим Министрлиги тарабынан бекитилип, БКББ Агенттигинин Республикалык илимий-методикалык борбору менен макулдашылган типтүу окуу пландарынан негизинде сабактар өтүлөт.

Окуу жайдын ички ишмердүүлүгү окуу-методикалык жана тарбиялык иштер боюнча ар бир бөлүмгө тийиштүү жоболордун негизинде уюштурулат. *1.7-тиркеме (*жоболор: педагогикалык кеңеш жөнүндөгү жобо, методикалык иштер жөнүндө жобо, тарбиялык иштер жөнүндө жобо, камкордук кеңеши жөнүндө жобо)

Лицейдин биринчи педагогикалык кеңешинин отурумунда окуу жайдын миссиясы такталган. Ушул эле отурумда миссияны, ишке ашырууга көмөк болгон негизги документтер: Устав, Стратегиялык план (Стратегиялык планы) кабылданып жана негизги программалар бекитилди:

- пед кеңештин графиги, төрагасы
- көзөмөлчүлүк кеңештин иш-чарасы, курамы
- сапат менеджментинин системасы, жооптуулар, иш-чарасы
- социалдык маркетинг боюнча жооптуулар, иш-чарасы
- метод кеңешменин жыйындарынын, отуу графиктери, ачык сааттар
- лицей ичиндеги контрольдун администрация тарабынан жүргүзүлүшү
- ата-энелер, иш берүүчүлөр менен тегерек столдун өтүлүшү, жооптуулар, иш-планы
- аппеляциялык комиссиянын иш-планы
- кабыл алуу комиссиясынын иш-планы
- экзамендик комиссиянын жобосу
- "Насаатчылык" программасынын иш-планы
- Китепканачынын иш-планы
- Тарбиялык сааттардын өтүлүшү, графиктери, жооптуулар
- Профсоюздук комитеттин иш-чаралары, протоколдору

Окуу жайында кабыл алынган стратегиялык жана учурдагы программалардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүүгө администрация жооптуу болуп, мониторинг жүргүзүлөт, натыйжалары кезектеги педагогикалык жана методикалык кеңештерде каралып, маалымат берилип, талкууланат. Ар бир кеңеште, алынган натыйжалар кызыкдар тарапка маалымат болуп берилип, көзөмөлчүлүк кеңештин, ата-энелер кеңештин, иш-берүүчүлөр кеңешинин, окуучулардын ой-пикири эске алынат.

Билим берүү процессинин сапатын жогорулатуу үчүн билим берүү уюмунун жетекчилиги, кызматчылары өздөрүнүн иш пландарын аткаруу менен сапат саясатын камсыз кылышат. Төмөнкү программалар: Сапаттык менеджмент системасы боюнча, төмөнкү иш-чаралар жүрүүдө; - метод кеңешмеде бардык ачык сааттардын графиги бекитилип, өтүлгөн соң, талкууланып, анализденип, протоколдоштурулат.

Методкеңешмеге жооптуу мугалим Саматбек кызы Айдана, эки секция боюнча иш алып барат: 1-секция- жалпы орто билим берүү предметтери; 2-секция - кесиптик билим берүү предметтери. Окутуу процессинен күтүлүүчү натыйжалар категориясы №2 методкеңешмеде аныкталып, бекитилген. Бул күтүлүүчү натыйжаларга ата-энелер, иш-берүүчүлөр, окуучуларда кызыкдар болушуп, өз сунуштарын ой-пикирлерин кошумчалашкан.

1.11 – тиркеме (Пед.кенештин протоколу 4)

**Кучтүү жагы:**

1. Окутуу программасы КР билим берүү стандартына туура келет.
2. Окутуу процессинин сапатын жогорулатууга көптөгөн программалар иш алып барат.

**Алсыз жагы:**

1. Мугалимдер жамаатынын квалификациясын жогорулатуу курстарына көп катышпаганы.

## Стандарт 2. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ

№51 кесиптик лицейде ар бир окуу жылдын башталышында , билим берүү стандартынын жана базистик окуу планын талаптарынына жооп берген, окутууга кызыкдар болгон окуучу, ата-эне , иш берүүчү жана башка тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келген жумушчу окуу программасы , № 1 педагогикалык кеңешмеде талкууланып, колдонууга бекитилет. Бул окуу программасы, Башталгыч кесиптик билим берүүнүн “Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер)” кесиби боюнча квалификациялуу жумушчу кадрларды даярдоо үчүн 16.08.2019 жылы, №291-ТОП-8331/8322-А-1-19 номер менен бекитилген типтүү пландын негизинде иштелип чыгат. (*Жаш мугалим устат тизмеси)*

Сапаттык менеджмент программасы окуу процессинин жакшыртылышына көмөк берип, сапатты жогорулатат. Жооптуу М.Календерова ал программанын иштешине козомол жасайт.

Окуу жайы окуучуларды окутууда окуу – методикалык камсыздоонун натыйжасында, окуучуларга билим берүү максаты лицейдин миссиясына дал келип, билим берүү стандарттарынын талабына жооп берип, кызыкдар тараптардын төмөнкү натыйжалары, алынып, максаттары ишке ашырылат:

1. Учурдун талабына жооп бере турган, өз кесибинин устаттары болгон ар тараптуу өнүккөн, сапаттуу адистерди даярдоо.
   - адистерди даярдоодо билим берүдө, лицейдин окуу – усулдук жана материалдык - техникалык базаны өркүндөтүү, өнүктүрүү.

- окутуу процессине инновациялык технологияларды колдонуу. (*Метод кенештин протоколу 1)*

Окуу процессинин сапаттуу болушуна, лицейдин китепканасы салымын кошот. Лицейдин китепканасынын фонду 11282 китеп дааnаны түзөт:

Анын ичинен - адабий окуу 1139 даана, жалпы орто билим берүү предметтеринин китеби – 1072 даана. Китепканачы Э. Байдосова, жылдык иш – планында, окуучулар жана мугалимдер менен иш алып барууну көргөзөт.

Окуу китептеринин ар бир окуучуга туура келиши стандартка ылайык, таблицада

косотулгон.

Иш – план боюнча, фонддогу жетпеген окуу китептери электрондук китепканада көргөзүлөт жана пайдаланылат. (2021 – 2022 окуу жылына карата китепканачынын иш планы)

Лицейде окуучулар, ата –энелер, башка кызыкдар тараптар менен байланыш сайт аркылуу жүргүзүлөт. Бардык кулактандыруулар, жарнамалар, жүгүртмөлөр, экзамендик графиктер жана башка маалыматтар сайтка, электрондук почтага жүктөлүп турат. Манас райондук ИДН кызматкери Бердигул уулу Тимур, класс жетекчилер, ата–энелер балдардын психологиясына терс таасир тийгизген сайттарды чыпкалап , коргоо жөнүндө айтышты. (Ата-эне жыйын.протоколу 1)

Күтүлүүчү натыйжалар социалдык маркетинг программасынын тутумундагы кесипке багыт берүү иш-чараларында да белгиленет. “Ачык эшик” күнүндө окуучулар кандай квалификация алары айтылат. (Тайпада откон жыйын)

**Күчтүү жагы**:

1. окуу пландарынын, программаларынын кызыкдар тараптардын күтүлүүчү натыйжаларына туура келиши.

**Алсыз жагы**:

1. Усулдук- методикалык булактардын, китептердин аздыгы.

## Стандарт 3. КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУНУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

Лицейде окуу планы интеграцияланган программа менен окутулат. Жалпы орто билим берүү предметтери менен бирге башталгыч кесиптик билим берүү предметтери окутулат.

Жылдык жалпы окуу сааты- 4434 сааттык көлөмдө болсо, анын- 2006 сааты жалпы орто билим берүү боюнча болсо, 932 саат- кесиптик билим берүүнүн теориясы боюнча болот, ага кошумча- 1496 саат өндүрүштүк окутуу жана практика сааттары болот.

Окуу жайда электрондук почта, мугалимдердин өздүк сайттары бар. Интернет-булактарын таап, өз алдынча пайдалана билишет. Башка окуу жайлардагы алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны колдонуп, үйрөнүүгө иш алып барышат. Инновациялык-технологияны колдонуп сабак отүү үчүн билимди жогорулатуучу курстарга 5 окутуучу катышышкан..

Сабактарын интерактивдик метод менен стандарттык эмес,
а)жалпылоочу, кайталоочу, б)өтүлгөн теманы кайтолоочу, в)изденүүчүлүк методдор менен сабак өткөн Г.Иманбаева, М.Шабданова, Дарханбаева Уб, ” жакшы” деген баага бааланышты. №6 методкеңешмеде усулдук бирикме жөнүндө жобо кабыл алынып, ошонун негизинде усулдук иштер алып барылат. *3.1. – тиркеме* (Усулдук бирикеме жобосу).

Окуу жайда билим сапатына, күтүлүүчү натыйжага канааттануу боюнча мугалимдерден, кызыкдар тараптардан (ата-эне, окуучу, иш-беруучу) анкета алынып, анализденип, протокол түзүлөт. Ал иштерге жооптуу болуп №4 метод кенеште У.Дарханбаева дайындалган. Бул сурамжылоо, анкеталоо социалдык маркетингдин тутумунда болгондуктан, ал программада да анкета жүргүзүү пункту бар.
*3.2 – тиркеме* ( Мектептин ички контролу жөнүндө жобо)
*3.3 – тиркеме* (Изилдөө эрежелери)

№51 кесиптик лицейде окуучулардын билимин текшерүү үчүн төмөнкү усулдарды колдонот: экзамен, диктант, текшерүү иш, дил баян, тест, жат жазуу. Бул усулдардын ар

бири үчүн баалоо критерийлери иштелип чыккан жана № 4 метод.кенешмеде талкууланып, бекитилип, колдонмого алынган.

Баалоо Жобосу окуу жайдын сайтында жайгаштырылган жана экзамендик тактага илинген. Окуу жайдын сайтында окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына карата адекваттуу жана окуучунун окутууда пландалган натыйжасына жетишүү деңгээлин көрсөткөн баалоонун чен – өлчөмдөрү менен усулдарын жарыялоо учун атайын бет бөлүнгөн.

Лицейде окуучулардын билимин баалоо ачык–айкын жүргүзүлөт жана аны аппеляция кылууга шарт түзүлөт, көчүрүү,бүтүрүү , жыйынтыктоочу аттестацияларда экзамендерде алган баасына канааттанбаган окуучулар үчүн директордун буйругунун негизинде, №1 педагогикалык кеңешмеде аппеляциялык комиссиянын курамы, иш–чаралары бекитилген . (Аппеляциялык комиссиянын протоколу 1)

Аппеляция Жобосунун негизинде наарызы окуучунун арызы, арыздар китепчеге түшүрүлүп, 3 кун ичинде официалдуу түрдө жооп берилет, жана пед.кеңештин жыйнында маалымат берилет . (Аппеляция жобосу)

Ар бир мугалим өз перспективалык-тематикалык пландарына кошумча интернет-булактарынан окуу материалдарын таап иштеп, өзүнүн маалыматтык компетенттүүлүгүн көргөзө алат. Берген сабактарынын жыйынтыгы болгон окуучулардын билимин баалоо натыйжалары анализденет, акыркы жылдар менен салыштырылат.(мугалимдердин өзүн-өзү баалаган анализи)

№8 методикалык кенешмелерде каралып, анализденет.

Методист Саматбек кызы А жана завуч М.Календерова ички контролдоого көзөмөл жасашат. Ички контролдоонун жыйынтыгын методисттин ар бир кварталдык отчетунда көрсөтүлөт.

**Күчтүү жагы:**

1. окуучулардын билимин баалоонун ачык-айкындыгы.

**Алсыз жагы:**

1. интернет туйунунун солгундугу, кээ бир атаэнелердин пассивдүүлүгү.

## Стандарт 4. КАДРДЫК САЯСАТТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ

№51 кесиптик лицейде, бүгүнку күндө окуучуларды окутуу процессинде 35 адам иштейт. Анын ичинде ИТР-20, МОП -15.

ИТР дин ичинен 11 мугалим, 7 өндүрүштүк устат бар, 6 мугалим жогорку билимдүү, 12 мугалим атайын орто билимдүү. Ичинен 3 адам «Кесиптик билим берүүнүн мыктысы» наамына татыктуу болушкан.

Лицейде жаш мугалимдер менен иш алып барган, "Насаатчылык" программасы иштейт. Жоoптуу Г.Бабиршаева бул программа боюнча иш-план түзүп, иш алып барат.

Жылдык көлөмдүк сааттын аз болгондугуна байланыштуу кээ бир предметтерди бир мугалимдин алып баруусуна туура келет. Мугалимдер № 1 педагогикалык кенеште(*Метод кенешменин протоколу 2)*, тарификациялык сааттар менен таанышып, сааттар бөлүнөт, жана бекитилет. Ар бир 5 жылда квалификациясын жогорулатуучу курсуна баруу үчүн атайын график түзүлгөн .

Окуу процесси көп тараптуу мамилелердин жыйындысын камтыйт. Мугалим, окуучу деген 2 тараптан сырткары, кызыкдар тараптар: көзөмөлчүлүк комиссия, ата-эне, иш берүүчүлөр окуу процессине катышышат .

Коллективде ынтымак менен негизги окуу процессинен тышкары чарбалык, коомдук иштер жүргүзүлөт: субботниктер, ашарлап лицейдин территориясын,

корпустарын ондоо, жашылдандандыруу жана башка иштер .

Ушул кызыкдар тараптардын өз ара мамилелерин мониторингдөө үчүн анкетирлөө жүргүзүлөт. Жооптуу У. Дорхонбаева бир жылда 2 жолу анкета алат.

Лицейдин окуутучулар курамы жетишерлик даражада квалификацияга ээ болуп, натыйжалуу билим берүүгө жана окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн, квалификациясын жогорулатууга умтулушат, жана окушат.

Методикалык кенешмелерде ачык сааттарды анализдөөгө, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны жайылтып, коллективге колдонууга көмөк болгон ыкмаларды жана көндүмдөрдү үйрөнүшөт.

**Күчтүү жагы:**

1. педагогикалык персоналдын өз ишине кызыгуусун арттырууга материалдык жана моралдык жардамдын берилүүсү.

**Алсыз жагы:**

1. Предметтик саттардын аздыгына байланыштуу, кээ бир предметтерди бир эле мугалимдин алып жүрүүсү.

## Стандарт 5. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА

Компьютерлер кабинетиндеги 21 даана компьютер АБР банкы тарабынан берилген.

Дагы 1 интерактивдик доска, автомобиль айдоого үйрөтүү үчүн мультирулдук компьютердик программалары киргизилген 4 компьютер бар.

Кышкы спорт зал 4 даана татами матрацтар менен жабдылган, ар түрлүү тренажерлор орнотулган. Көзөмөлчүлүк кенештин жардамы менен жылуу суу, аристон менен душевая кабина жасалган.

Окуу жайынын спорт залы, бокс жана күрөш менен машыгууга керектүү инвентарлар менен жабдылып, иштөөдө спорт залдын жалпы аянты 96м² түзөт 40м² күрөшүчү килем бар.

Мындан сырткары тренажердук ар түрлүү спорт эмеректери менен жабдылган бөлмө бар. Козомолчулук кенешинин жардамы менен тегерете электр жарыгы бар мамычалар менен жарыктандырылган 1 футболдук талаа ,2 волейбол, 1 баскетбол аянты иштетилүүдө.

Көзөмөлчүлүк кеңештин быйылкы иш планында. окуу жайдын аймагында демөөрчүлөрдүн жардамы менен тосмо (газондук) футбол аянтчасын куруу пландалууда.

Окуучулардын жана мугалимдердин китеп окуусуна ыңгайлуу, 20 орундуу окуу залы бар. Окуу жайдын китепканасы жатакана корпусунда жайгаштырылып, окуучуларга ыңгайлуу эмеректер менен жабдылган.

Окуу кабинеттердин саны -10, аянттары бирдей 47м.кв, стандартка ылайык, АБР банкынын каржылоосу менен капиталдык ремонттон өткөн. *5.1 – тиркеме* (Козомолчулук кенеш.жыйыны 1, жобосу)
*5.2 – тиркеме* (Козомолчулук кенеш. иш планы)

№51 кесиптик лицейдин билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптары сакталат.

Санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелердин, чен-өлчөмдөрүнүн талабына ылайык, окуу жайдын санитардык абалы, окуу кабинеттерине жарык тийиши, жылуулугу, ар бир окуучуга тийген м² аянтынын көлөмү талапка дал келет. Жергиликтуу Манас райондук СЭС мекемеси тарабынан имараттар окуу процессине жарактуу деп табылган.

Окутуучу персоналдын, ден-соолук боюнча чен-өлчөмдүк эрежесине ылайык, медициналык кароодон өтүлүп, санитардык китепчелери бар. Окуу жайда өрт

коопсуздугун сактоо боюнча иш-чаралар жүргүзүлөт. Жооптуу АХЧ боюнча орун басар К.Калдыков,территориянын эки тарабында эки пожардык щиттердин кум,күрөк, челек ж.б.дын толук камсыздыгына көзөмөл жасайт. Суу түтүкчөсү жана шланг даярдалган. Ар бир корпуста, эвакуация схемасынын сүрөттөрү көрүнөө илинген. Натыйжа, Манас райондук, өзгөчө кырдаалдар Министрлигинин, өрткө каршы бөлүмүнүн, корпустарда окуу процессинин жүрүшүнө руксат берилип, ылайык деген акты берилген.

№51 кесиптик лицейдин материалдык техникалык базасын жакшырту эки жол менен жүргүзүлөт:
1-көзөмөлчүлүк кенештин жардамы менен
2-коллективдин өз финансы булактарынын каржысы менен ашар иштерин жүргүзүү болот.

2016-жылы АБРдин 2-проектиси менен материалдык база жаңыртылган стол, парта, компьютер, техникалар, көрсөтмө куралдар, ашкана жабдуулары жаныртылган .Көзөмөлчү кенеш бюджеттен тышкары донорлордун жардамы менен спортзалга аристон, душ кабинасын орнотуп, өз каражаты жана ашар жолу менен коллектив лицейдин территориясын темир тор менен тосуп, актовый залды оңдоп, ашкананын залындагы полду жаңыртышкан.

Кезектеги планда окуу корпустун төбөсүндөгү шиферди жаңыртуу жана ашкананын залынын терезесин алмаштыруу турат.

**Күчтүү жагы:**
1. Окуу процессинин жүрүшү, толугу менен коопсуздук эрежелерге ылайыкташкан.
2. Коллективдин материалдык базасын ондоодо, ремонт жасоого өз салымын ашар жол менен кошкону.

**Алсыз жагы:**
1. Көзөмөлчүлүк кеңештин бюджеттен тышкары, финансы булактарын табуу иштеринин солгун жүрүшү.

## Стандарт 6. МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУ ЖАНА АНЫ КООМЧУЛУККА ЖЕТКИРҮҮ

№ 51 Кесиптик лицей окуу процессинде маалыматтарды топтойт, анализдейт жана керектүү максаттарга колдонот. Топтолгон материалдар, билим сапатын жогорулатууга, окуу программаларды иштеп чыгууга, түрдүү багыттагы иш – аракеттерди жүргүзүүгө пайдаланылат . Маалыматтарды коомчулукка жеткирүү үчүн, Манас райондук газетасына материалдар чыгарылат.

Лицейдин портфолиосу түзүлгөн, анда лицейдин уюштурулуш тарыхы, лицейдин күнүмдүк иштерин чагылдырган сүрөт- альбом, лицейдин имаратын, окуу корпусунун көрүнүшүн көрсөткөн видеоролик бар, алдынкы жана ветеран педагогдор, отличник окуучулардын сүрөтү илинген такта бар.

Өзүнүн билим берүү максатын пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн № 51 кесиптик лицей төмөнкүдөй маалыматты чогултат, системага салат, жалпылайт жана сактайт:

1- окуучулардын контигентинин маалыматын, администрация ар бир квартал сайын топтоп, контингенттин кыймылын ( кабыл алуу, чыгаруу) педагогикалык кеңештерде талкуулап, жогорку инстанцияга (Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигине) отчет берип турат.

2- Окуучулардын окуу процессине катышуусу, окуудагы жетишкендиктери, алган баалары жөнүндө маалыматтар предметтик мугалимдердин, класс жетекчилердин, директордун окуу иштери боюнча орун басары М. Календерованын көзөмөлү

аркылуу топтолот.

Билим сапатынын денгээли, чейректик, жарым жылдык отчеттордун бааларынан аныкталат.

Мындан тышкары, окуучуларга окуу жайдын окуу аянтынын жеткиликтүүлүгү эске алынат, окуу корпусунун жалпы аянты 1703м² болсо, ар бир окуучуга туура келген аянты стандарттык талапка туура келет.

Китепкана фондунун ар бир окуучуга туура келиши талапка ылайык. Окуучулар лицейлер арасында жана лицей ичиндеги спорттук мелдештерге катышышат. Алынган жетишкен ийгиликтер протоколдоштурулуп, сыйлоо аземи жүргүзүлөт.

3- № 51 кесиптик лицейдин ишинин негизи көрсөткүчтөрү төмөнкүдөй :

2015- жылы “ Мыкты мекеме “ наамы Манас райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан ыйгарылган.

**Күчтүү жагы**:

1. Маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жеткирүүдө окуу жайдын сайтынын үзгүлтүксүз иш алып баруусу.

**Алсыз жагы:**

1. Маалыматты башкарууда интернет түйүнү ата – энелерде аз болушу.
2. Кесипке багыт берүүдө телевидениенин катышпашы.

## III. ТЭКнын КАТЫШУУСУНУН САПАТТАМАСЫ

№ 51 кесиптик лицей билим берүү уюмунун аккредитациясы 2022-жылдын 6 июнундагы № буйругуна ылайык эки күндүк программанын алкагында гибрид түрүндө (онлайн жана оффлайн) өткөрүлдү.

Аккредитациялоо процедурасы «Сапаттуу билим» аккредитациялоо агенттигинин директору П.З.Бостонованын куттуктоо сөзү менен башталып, ошондой эле катчы-референт А.Ф.Омарова лицейдин жетекчилигин жана педагогикалык жамаатын лицейдин курамын ТЭК бекитүү жөнүндө буйрук менен тааныштырды.

Уюштуруу учурлары талкуулангандан кийин. Андан сөз комиссиянын төрагасы Б.А.Мааткеримовго берилди жана эки кундук визиттин графиги талкууланды. № 51 кесиптик лицейдин жетекчилиги тарабынан директор Жакыпбаев Т.К. бул лицейдин кызматкерлеринин курамы тааныштырылды. Куттуктоо сөздөрүнөн жана таанышуудан кийин ЕЭКтин курамы эки күндүк визиттин графигине ылайык ишин баштады.

Андан ары билим берүү мекемеси боюнча экскурсия жасалды. Экскурсиянын жүрүшүндө ТЭК мүчөлөрү төмөнкү окуу класстары жана жайлар менен таанышты, алардан тышкары:

Метод кабинет-1
Мед.пункт
Китепкана
Ашкана
Жатакана

Экскурсиядан кийин окуу иштери боюнча орун басары Календерова Мээрим Жетмышбаевна максаттуу топтор (студенттер, ата-энелер, социалдык өнөктөштөр, бүтүрүүчүлөр, мугалимдер, административдик-башкаруу персонал жана жетекчилик) менен маектешүүлөрдү уюштурушту, белгиленген мөөнөттө.

Лицейдин жамааты иш сапардын программасында көрсөтүлгөн адамдардын катышуусун камсыз кылышты. Жыйындарга бардыгы болуп 43 адам катышты.

Бардык кызыкдар тараптар менен маектер өткөрүлдү. Маектешүү тараптардын тренингдин шарттарына жана мазмунуна канааттануусун аныктоо максатында өткөрүлдү. Ар бир интервьюга бөлүнгөн жалпы убакыт 40 мүнөттү түздү. Маектешкен жолугушуунун катышуучуларынын көпчүлүгү кесиптик лицейдеги билим берүүнүн шарттарына жана сапатына толугу менен канааттанышты деген ойлорун айтышты.

***Маектешүү учурунда студенттер:***

- материалдык базанын жетишээрлик жакшы деңгээлде экенин;
- экзамендерди тапшырууда мугалимдер тарабынан негизсиз тоскоолдуктар болбогондугун;
- тандалган адистиктерге канааттангандарын;

Жалпысынан студенттер билим берүүнүн шарттарына жана сапатына толугу менен канааттанышты деген ойлорун айтышты.

***Окуучулардын ата-энелери менен болгон маекте***

- балдардын билим берүү мекемесинде билим алуусу жана мугалимдер менен баарлашуу маселелери талкууланды.

Ата-энелер менен болгон маектешүүлөрдүн жыйынтыгында төмөнкүлөр аныкталган:

- билим берүүнүн шарттарына жана сапатына канааттануу;
- ар кандай WatsApp, Telegram топтору аркылуу ата-энелер, окуучулар жана мугалимдер ортосунда тыгыз байланыш бар.

***№51 КЛнын бүтүрүүчүлөрү:***

- практика учурунда теориялык билимдерин кеңейтип, бекемдегендигин;
— кошумча окуу корпусу курулуп жаткандыгы жөнүндөгү жагымдуу сөздөр жөнүндө.

Бүтүрүүчүлөргө практикалык даярдыгын жогорулатууга басым жасоо сунушталат.

***Иш берүүчүлөр белгилешти:***

- билим берүү мекемеси менен активдүү кызматташуу;
- студенттер практикага жоопкерчиликтүү мамиле кылышы, жакшы кесиптик даярдыгын көрсөтүүсү, практикалык тапшырмаларды абдан ынтызарлык менен аткаруусу;
- абдан жакшы теориялык маалымат.

Иш берүүчүлөр практиканын жыйынтыктарын теориялык сабактарда көбүрөөк колдонууну, иш берүүчүлөрдү окуу процессине активдүү тартууну сунушташты.

***№51 КЛдин профессордук-окутуучулук курамы менен болгон маекте окуу процесси, карьералык өсүү жана жетекчилик менен болгон байланыш маселелери каралды.***

***ППП интервью учурунда:***

- финансылык сыйлоо түрүндө жетекчилик тарабынан колдоо бар;
- карьералык өсүү мүмкүнчүлүгү бар;
- материалдык-техникалык база менен толук канааттандырылган;
- Wi-Fi жана Интернетке акысыз кирүү мүмкүнчүлүгү бар;
- лабораториялык жана практикалык сабактар видеосабактар жана презентациялар түрүндө өткөрүлүп ***келгенин белгилеп өтүштү***

***Административдик жана башкаруучу персонал менен маектешүү учурунда,***:

- материалдык-техникалык базаны жакшыртууга финансылык чыгымдар;

- билим берүү процессин өркүндөтүү боюнча иштин келечектүү багыттары;

- кызыкдар тараптардын суроо-талаптарын канааттандыруу.

- студенттердин академиялык мобилдүүлүгү жана окутуучулардын стажировкалары жөнүндө;

- билим берүү тармагында сапатты башкаруу системасын киргизүү жөнүндө. Сүйлөшүү болуп өттү.

ТЭКнин иштеши үчүн бардык шарттар түзүлдү, бардык керектүү маалыматтык ресурстарга жетүү уюштурулду. Өзүн-өзү баалоо боюнча отчеттордо берилген маалыматтарды тастыктоо үчүн тышкы эксперттер бардык тастыктоочу документтерди талдап чыгышты (ченемдик укуктук актылар, педагогикалык кеңештин жыйналыштарынын протоколдорунан үзүндүлөр, усулдук кеңештер, пландар жана отчеттор, жумушчу окуу пландары, окуу-методикалык материалдар, фоторепортаждар, скриншоттор ж.б.).

Баалоо учурунда лицейдин жамааты ачыктыкты, объективдүү жыйынтыктарга кызыгуусун көрсөтүп, баалоонун максаттарына жетишүүгө салым кошушту жана баалоо толук көлөмдө аяктады. Баалоонун жумушчу тилдери: кыргыз тили.

«Сапаттуу билим» Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо агенттиги (мындан ары «Сапаттуу билим» АА) тарабынан көз карандысыз аккредитациялоонун алкагында лицейдин билим берүү ишмердүүлүгүнө объективдүү жана ачык эксперттик баа берүүнү жүргүзүүнүн жүрүшүндө төмөндөгүлөр: жол-жоболору колдонулган:

- “Сапаттуу Билим” ААнын принциптерине, жол-жоболоруна, талаптарына жана критерийлерине ылайык №51 КЛнын билим берүү ишмердүүлүгүнө калыс жана кесипкөй баа берүү;

- өзүн-өзү баалоо боюнча отчеттун «Сапаттуу билим» АА критерийлерине жана талаптарына шайкештигин талдоо;

- визиттин жүрүшүндө кызыкдар тараптар менен интервьюларды өткөрүү;

- «Сапаттуу билим» ААнын критерийлерине жана талаптарына шайкештигин ички документтерди талдоо;

- аккредитациялоонун натыйжаларын командалык талкуулоо;

- "Сапаттуу билим" АА талаптарына ылайык эксперттик корутундуну даярдоо;

- № 51 КЛнын билим берүү ишин аккредитациялоонун жыйынтыгы боюнча рекомендациялык чечимди чыгаруу.

Эксперттик комиссия өзүн-өзү баалоо боюнча корутундусун көрсөттү.

## IV. АККРЕДИТАЦИЯЛОО СТАНДАРТТАРЫНА ЫЛАЙЫК КЕЛҮҮ

| П/П | Стандарттар | Уюштуруунун позициялары | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Толугу менен аткарылган | Олуттуу (олуттуу) ылайык келүү | Жакшыртуу керек (жарым-жартылай) аткарылган | Аткарылган эмес |
| 1 | Стандарт 1. Башкаруунун эффективдүүлүгү жана билим берүүнүн | | | + | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | сапатын камсыздоо саясаты | | | | |
| 2 | Стандарт 2. Билим берүү программасынын мазмуну жана окуу-методикалык камсыздалышы | | + | | |
| 3 | Стандарт 3. компетенттүү окутууну ишке ашыруу жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоо | + | | | |
| 4 | Стандарт 4 . Кадрдык саясаттын эффективдүүлүгү | + | | | |
| 5 | Стандарт 5. Материалдык-техникалык база | + | | | |
| 6 | Стандарт 6. Маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жеткирүү | + | | | |

## V. № 51 КЛ ИШТИН ЖАКШЫРТУУ БОЮНЧА СУНУШТАР.

1. Сапат менеджментти боюнча жооптуу адамды дайындоо.

2. Сапатты камсыздоо саясатын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда тыгыз кызматташуу үчүн кызыкдар тараптардын активдүүлүгүн жогорулатуу жана кызыгууну тартуу механизмин иштеп чыгуу.

3. Китепкана фондусун көбөйтүү

4. Окуу жайдын веб-сайтындагы ченемдик документтердин бөлүмүн түзүмдүк бөлүмдөрдө барлар менен толуктоо жана иш-чараларды өз убагында чагылдыруу

5. Окуучулардын ата-энелеринин окуудагы жетишкендиктери жөнүндө маалымдуулугун күчөтүү

6. Билим берүү программасын карап чыгуу жана өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча иш-чараларды жакшыртуу

7. Окуу натыйжаларын кароого жана өзгөртүүгө кызыкдар тараптарды тартуу үчүн лицейлердин жана билим берүү программаларынын тажрыйбасын изилдөө жана колдонуу

8. Сайтты жакшыртуу үчүн маалыматты эки тилде (кыргыз жана орус) жайгаштыруу зарыл.

9. Алсыз жерлерди чыңдоого багытталган иш-чаралардын планын жана графигин иштеп чыгуу.

Өзүн өзү баалоо боюнча отчетту, берилген документтерди жана маалыматтарды талдоонун, ТЭКнын иш сапарынын, ошондой эле кесиптик коомчулуктун өкүлдөрү, студенттер, бүтүрүүчүлөр, кызматкерлер жана билим берүү уюмунун жетекчилиги менен маектешүүлөрдүн негизинде Тышкы эксперттик комиссия жыйынтык чыгарды. №51 кесиптик лицейинин билим берүү ишмердүүлүгү стандарттарга жана критерийлерге жооп бере тургандыгын «Сапаттуу Билим» АА. Бирок, дагы эле жакшыртууну талап кылган жерлер бар. №51 КЛнын билим берүү ишмердүүлүгүнүн негизги күчтүү жактарынын арасында Эксперттик комиссия белгилеп кетким келет: функционалдык милдеттерине дал келген иш тажрыйбасы бар кадрлардын иш алып баруусу, маалыматтык ресурстун жогорку деңгээлде колдонулушу.

## КОРУТУНДУСУ

Жогоруда айтылгандардын негизинде эксперттик комиссия 8331 “Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер)” программаны аккредитациядан кийинки мониторинг менен 5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоону сунуштайт.

**Комиссиянын төрагасы:**

1. Мааткеримов Бакыт Асранбекович ____________________

**Комиссиянын мучөлөрү:**

1. Осмонбекова Нуржамал Бийзаковна ____________________
2. Айдарбаева Дина Курманалиевна ____________________
3. Чодобаева Клара Атышовна ____________________
4. Имбеталиев Бекмурат Калмуратович ____________________
5. Сапарова Кундуз ____________________

**Референт:**

Омарова Азиза Фурхатовна ____________________